Жаштык бул - ЖИГЕР!

# НУР

Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

№05 (218) 2023-жыл, май
Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru

# BILIM FEST – 2023




3-бет

## ЖЫЛ МЫКТЫЛАРЫ СЫЙЛАНДЫ



5-бет

## АЛТЫН ТАМГА – 2023



6-бет

# Улуулардан улуу кеп



**Таалим маанилүүбү же тарбиябы?**

**Урматтуу студент дос, ушул суроо сизди ойлондурду беле? Мектепте берилген, жашоодон алынган билимге караганда, үй-бүлөдө берилген тарбиянын орду чоң. Эң негизгиси – таалим менен тарбияны эриш-аркак алып жүрүү керек. Жогорку окуу жайлардын окутуучуларынан билим алып гана чектелбестен, тарбиялык маани камтылган улуу кеп да уга жүрөлү деген максатта"Улуулардан улуу кеп" аттуу сериябызды сунуштайбыз. Кезектеги сериябыздын коногу педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Адылбек Батыралиев:**

Жогорку окуу жайы билим гана береби же тарбия да береби деп кызыктуу да, актуалдуу да суроо коюлуптур. Биз бул суроого жооп бериш үчүн “тарбия” деген эмне “ билим берүү” эмне деген суроолорду тактап алалычы. Себеби бул суроолордун айланасында дайыма талаш- тартыш болуп келет.

Педагогикалык мааниде тарбияны баладагы адамдык сапаттардын, жүрүш-туруш маданиятынын, мамилелердин системасын коомдук моралдын негизинде калыптандыруу багытында максаттуу уюштурулган иш-аракет десе, кээ бири баланын табият берген күчтөрүн, шыктарын, жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү үчүн тийиштүү шарттарды түзүү деп аныктап келишет. "Тарбиялоо- бул адамдын өзүнүн, үй-бүлөсүнүн, коомдун, мамлекеттин кызыкчылыктары үчүн, инсанды коомдо кабыл алынган социалдык, маданий жана руханий баалуулуктардын алкагында өзүн-өзү аныктоосу, социалдашуусу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүүгө багытталган ишмердүүлүк" – деп азыркы убактагы тарбия концепциясында айтылат).

Билим берүү – көп жактуу процесс. Биринчиден, мугалимдер тарабынан окуучуларга системалуу илимий билимдердин, көндүмдөрдүн, көз караштардын системасын берүү процесси болсо, экинчиден, окуучулар тарабынан аларды өздөштүрүү процесси, үчүнчүдөн, билим берүү системасы жана окуунун жыйынтыгы катары каралат. “ Билим берүү - инсанды, коомду жана мамлекетти гармониялуу өнүктүрүү максатында окуп жаткандардын мамлекет тарабынан белгиленген билим берүү деңгээлине жетишүүсүн тастыктоо менен коштолгон тарбиялоонун жана окутуунун тынымсыз, тутумдуу процесси. Билим алуу деп окуп жаткандардын тиешелүү документ менен тастыкталган белгилүү бир билим деңгээлине жетиши жана аны ырасташы түшүндүрүлөт (Билим берүү жөнүндөгү” Мыйзам).

Делсе, ал эми проф. Мамбетакунов Э..” Билим берүү- инсандардын илимий билимди, практикалык билгичтикти жана көндүмдөрдү өздөштүрүү менен бирге акыл-эстин, таанып билүүнүн жана чыгармачылык ишмердүүлүктүн тигил же бул өнүгүү деңгээлине жетишүүсү, ошондой эле өзүнүн социалдык маңызын , өздүк өзгөчөлүгүн аныктоочу интеллектуалдык, адеп-ахлактык, укуктук, эстетикалык маданиятка ээ болушу. Адатта билим окуунун жыйынтыгы катары бааланат”. Бардык аныктамада “инсандардын илимий билимди, практикалык билгичтикти жана көндүмдөрдү өздөштүрүү менен тарбия болот" деп айтылат. Жогорудагы аныктамалар тарбиянын билим берүүгө караганда кең мааниде экендигин көрсөтүп турат.

Педагогикалык окуу китептеринде билим берүү тарбиянын каражаты катары түшүндүрүлүп келген. Мен да көп макалаларымда билим берүү тарбиянын каражаты катары каралыш керек деп келгемин.Бирок кийинки мезгилдерде билим берүү алдыңкы орунга чыгып, тарбия процессине көңүл бурулбай калган. Ал тургай мурунку министр А.Бейшеналиев “ окуу жайы билим берет, ал эми үй- бүлө тарбиялайт” деп коомчулуктун сынына кабылган. Бирок турмуш өзүнүн корректировкаларын киргизип, жашоодо тарбиянын маанилүү экендигин көрсөтүп жатат. Ошондуктан тарбия маанилүүбү же билим берүү маанилүүбү деген суроого билим берүүнү тарбиянын каражаты катары караш керек деп жооп беремин. Мисалы, билимди өздөштүрүү менен адамда көз караш, баалуулук, жүрүш -туруш маданияты ж.б. калыптанат. Билим деген эмне? Билим – коом, жаратылыш, адамдын ойлоосу ж.б боюнча так алынган маалыматтардын системасы.Көрдүңүздөрбү, адегенде бир нерсени билгенден кийин гана көз караш пайда болот. Коомдогу мамилелерди, адамдык сапаттарды калыптандырыш үчүн студент коом, адамдык мамилелер, мораль, жакшылык менен жамандык деген түшүнүктөрдүн маңыз-мазмунун жакшы өздөштүрүшү керек. Ата-эненин айтканы, көрсөткөнү да билим болуп эсептелинет. Билим адамдын личностун калыптандырышы керек. Билим адамдын жан дүйнөсүнө кирип, андан кийин көз караш, ишеним болуш керек. Биздин иш жөн эле билим берип койбой, аны ишенимге жеткирүү деп эсептеймин.Эмне деген тыянак чыгарабыз: окуу жайда лекция, семинардык сабактардын билим берүүчүлүк функциясына гана көңүл бурбастан, анын тарбиялык функциясын да күчөтүш зарыл, билим менен тарбияны бөлүп кароого болбойт.

Мен жаштарга мындай демекмин: таалим-тарбиядагы эң негизги фигура жана окуучу үчүн эң негизги жандуу үлгү бул мугалим. Анын личносту ага сый-урматты, окуучулар үчүн педагогикалык таасирди, аларга мотивация берүүчү күчтү алып келет. Мектептин баалуулугу мугалимдин баалуулугу менен бааланат. Эң негизгиси- балдарга жана кесипке болгон сүйүү болушу зарыл.Алар болбосо Сухомлинскийдин: “ Мугалим болбой эле кой, өзүңү да, балдарды да кыйнайсың” деген сөздөрүн мен практикамда баамдадым. Өз адистигин жана чеберчилигин өркүндөтүүдө тынбай иштеген мугалим гана баланы кызыктуу, жандуу жана таасирдүү окута алат. Окуучуларында калыптандыра турган асыл сапаттардын баарын эң мурун мугалим өзүндө өнүктүрүүгө тийиш. Ал сапаттар болбосо окуучуларга биздин тарбиябыз жугумдуу болбойт.Өзүнүн адеп-ахлактык сапаттарын жана билимин тынымсыз өркүндөтүүнү өнөкөт кылбаган мугалимде окутуучулук касиет болбойт.Биздин иш – өтө татаал иш, билимибиз да, адеп-ахлактык сапаттарыбыз да окуучу үчүн үлгү болушу керек. Бул өтө оор вазийпа. Мына ушуну билип алышыңар зарыл.Ч.Айтматовдун: “Адамга эң кыйыны - күн сайын адам болуу” деген сөзүн эч качан унутпашыбыз керек. Мен жогорудагы сөздөр менен мугалимдин ишин татаалдаштыргым жана силерге акылман болгум келген жок, жөн гана өзүмдүн 45 жылдык педагогикалык тажрыйбамдан келип чыккан оюмду айтып жатамын.

**Саматулла Маматкары уулу**

# BILIM FEST – 2023

ОшМУнун башкы имаратында Bilimfest – 2023 аттуу ачык эшиктер күнү болуп өттү. Кесипке багыт берүүнү максат кылган иш-чарага Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарындагы жана Ош шаарындагы бардык мектеп бүтүрүүчүлөрү, орто кесиптик билим берүүчү окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрү, ата-энелер катышышты.



Окуу жайдын ректору Кудайберди Кожобеков баштаган ректорат жамааты, келген коноктор, факультеттер, институттар, колледждер, лицейлер тартуулаган билим жарманкеси менен таанышты. Алар каалаган адистиктер боюнча маалымат алып, студенттердин колунан жасалган жаңы табылгалар, ойлоп табууларга күбө болушту. Bilimfest – 2023 ачык эшиктер күнүнүн салтанаттуу ачылышында сөзгө чыккан ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобеков мектеп бүтүрүүчүлөрүн куттуктап, ОшМУ тууралуу маалымат берди. Абитуриенттердин



билимге болгон ынтызарлыгын күчөткөн университеттин окуудан жана спорттон мыктыларынын парады көрсөтүлүп, иш-чаранын жүрүшүндө мектеп бүтүрүүчүлөрү, студенттер, окутуучулар менен кызыктуу жолугушууларды өткөрдү. Бүтүрүүчүлөр тематикалык презентация, сынактык тестирлөө, викториналарга катышышты.

Фестивалдын бардык программасы ОшМУнун маданий-эстетикалык борбору тарабынан даярдалган концерттик





программа менен коштолду. Иш-чараны белгилүү теле алып баруучу Эркин Рыскулбеков алып барып, фестивалга кыргыз шоу-бизнесинин жылдыздары – ырчы Каныкей, журналист, блогер Назира Айтбекова, стилист Замира Молдошева, белгилүү блогерлер Арген (sigma), Саади жана башка жаштардын сүймөнчүлүгүнө ээ болгон коноктор катышты.

Bilimfest 2023 - фестивалына келген мектеп бүтүрүүчүлөрү QR код аркылуу катталышып, каттоо номерлери аркылуу баалуу белектер ойнотулду. Абитуриенттер iPhone, ноутбук, смартфон, велосипед, фирмалык рюкзак жана башка баалуу белектерди утуп алышты. Мектеп бүтүрүүчүлөрү сынактык тестирлөөргө, викториналарга жана “Менин тандоом-ОшМУ” видеоролик конкурсуна катышып, жыйынтыгында; видеоролик конкурсунун жеңүүчүсү болуп, Кеңеш орто мектебинин окуучусу Нурайым Саттарбекова табылып, жеңүүчүгө iPhone 13 уюлдук телефону тапшырылды. Ал эми ноутбукту М.Капарова атындагы орто мектебинин окуучусу Жеңишай Исмаилова алса, планшетти “Билим” лицейинин окуучусу Самаган Мусаев, велосипедди Омат Мырзаев алды.

Сынактарга активдүү катышкандарга фирмалык рюкзак жана эс алуу жайларына, Ташкент шаарына жолдомолор жана башка эсте каларлык белектер тапшырылды.

Белгилей кетсек, кесипке багыт берүүнү максат кылган иш-чарага Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарындагы жана Ош шаарындагы 3 миңден ашуун мектеп бүтүрүүчүлөрү, орто кесиптик билим берүүчү окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрү, ата-энелер катышты.










**ОшМУнун маалымат борбору**

# СТУДЕНТТИК АКЫЙКАТЧЫ АППАРАТЫНА ШАЙЛОО ӨТТҮ

ОшМУда студенттик өзүн-өзү башкаруу уюму болуп саналган студенттик акыйкатчы аппаратына шайлоо өттү.

Шайлоого окуу жайда күндүзгү бөлүмдө окуган студенттердин атынан дайындалган 103 делегат катышып, алар бюллетень аркылуу добуш беришти. Шайлоо комиссиясынын төрагасы ОшМУнун кесиптик бирлигинин төрагасынын орун басары Бакыт Турдубаев, эсептөө комиссиясынын курамында окуу жайдын "Дидактика" гезитинин редактору Тургунбай Алдакулов, окуу жайдын коопсуздук кызматынын жетекчисинин орун басары Уланбек Калбаев болду.

Шайлоонун жүрүшүндө алгач университетте 2 жыл аралыгында иш алып барган студенттик акыйкатчы аппаратынын төрагасы Бекжан Жумабаев аткарылган иш-аракеттер боюнча жыйынтык отчетун берди.

Жыйындын жүрүшүндө студенттик акыйкатчы аппаратына эки талапкер делегаттарды өздөрүнүн платформалары менен тааныштырып, ийгиликтери тууралуу видеороликтерди коюп, берилген суроолорго жооп беришти.

Жыйынтыгында делегаттардын көп добушуна ээ болгон Математика жана информациялык технологиялар факультетинин студенти Майрамбек уулу Баястан 69 добуш менен студенттик акыйкатчы аппаратынын төрагасы болуп шайланды.

Акыйкатчы кызматы 2007-жылы 10-декабрда түзүлгөн. Акыйкатчы ОшМУнун жалпы студенттери тарабынан 2 жылдык мөөнөткө шайланат. Студенттик акыйкатчы аппараты студенттердин конституциялык, академиялык укуктарын жана эркиндиктеринин сакталышын камсыз кылат.





# БАЯСТАН МАЙРАМБЕК УУЛУ

Болуп өткөн шайлоодо талапкер болуп, платформам студенттердин колдоосуна ээ болуп, студенттик акыйкатчы аппаратынын жетекчиси болуп шайландым. Ал платформа төмөндөгүчө:

1. КРдин конституциясына, мыйзамдарына, ОшМУнун уставына ылайык иш жүргүзүү;
2. "Мугалим студенттин көзү менен" аталышындагы анкетирлөөгө өзгөртүүлөрдү киргизүү;
3. ОшМУнун жатаканаларынын жана факультеттердеги студенттик ашканаларынын ички санитардык абалын көзөмөлдөө;
4. ОшМУда коррупциянын алдын алуучу түшүндүрүү иш-чараларын байма-бай өткөрүп туруу;
5. Ишенимдүү кутучаны "ОшГУ студент" колдонмосуна киргизүү;
6. Контрактык жеңилдик боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жана иштин жүрүүсүн көзөмөлдөө;
7. "Пикир ордо" дискуссиялык клубун түзүү. Дискуссияда эң маанилүү деп эсептелген маселелерди добушка коюу менен талкуулап, жыйынтыгын жетекчиликке жеткирүү менен маселени чечүү;
8. Акыйкатчы аппараты тарабынан түзүлгөн "Акыйкат" интеллектуалдык, спорттук командасын жогорку лигада ойнотуу;
9. И.Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университети жана түштүк регионунун ЖОЖдор жана акыйкатчы уюмдар арасында кызматташуу келишимдерине ылайык иш жүргүзүү;
10. Акыйкатчы уюмун республикалык деңгээлде ЖОЖдордун арасында үч тараптуу кызматташуу келишимдерин түзүү;
11. Акыйкатчынын өз стартап бизнесин түзүү. Бул үчүн атайын акыйкатчыда бөлүм ачылган;
12. Академиялык мобилдүүлүк боюнча жүргөн студенттер жана аралыктан окуган студенттер менен иш алып баруу;



13. КРдин акыйкатчысынын Ош облусу жана Ош шаары боюнча ыйгарымдуу өкүлү менен тыгыз иштешүү;
14. Мүмкүнчүлүгү чектелген студенттер менен жакындан иш алып баруу.

Жогорудагылардын баарын буйруса аткарууга аракет кылам жана жыйынтыгын сөзсүз түрдө көрөсүздөр деп ишенимдүү түрдө айталам.

**Майрам Шарип кызы**

НУР Жаштык буа - ЖИГЕР! Студенттердин коомдук-маданий гезити @oshsu.kg www.oshsu.kg

# ЖЫЛ МЫКТЫЛАРЫ

ОшМУда 2022-2023 окуу жылынын жыйынтыгы менен “Жылдын мыктылары – 2023” сынагынын жеңүүчүлөрүн сыйлоо аземи болду.

Аземде ОшМУнун окуу иштери боюнча проректору Замирбек Божонов студенттерди куттуктап, жобонун негизинде факультеттерден, колледждерден мыкты деп тандалып алынган 28 студентке ОшМУнун "Окумуштуулар кеңешинин стипендиаты" деген сертификаттарды жана 8000 сомдон акчалай сыйлыктарды тапшырды.

Ошондой эле ОшМУда жыл сайын салтка айланып уюштурулуп келе жаткан тарбия иштерин стимулдаштыруучу конкурстун жеңүүчүлөрүн окуу жайдын студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректору Жылдыз Артыкова куттуктап сыйлыктарын тапшырды.

“Мыкты орун басар – 2023” конкурсунун жеңүүчүсү деп табылган Табият таануу, туризм жана айыл чарба технологиялары факультетинин деканынын тарбия иштери боюнча орун басары Жанарбек Султанов, Медициналык колледждин директорунун тарбия иштери боюнча орун басары Гульмира Жакыпова ОшМУнун Ысык-Көлдөгү “Үмүт” пансионатына жолдомо жана 3000 сом акчалай сыйлык менен сыйланышты.

“Мыкты куратор” конкурсунда I, II, III орундарды алган окутуучулар: Медициналык колледжинен Кызбурак Маметова диплом, 20 000 сом, Физика-техника факультетинен Асылбек Жапаркулов диплом, 15 000 сом, Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинен Бегимай Смадияровага диплом, 10 000 сом акчалай сыйлык ыйгарылды.

Ал эми “Мыкты акыйкатчы” конкурсунда мыкты аталган Пайизмаматова Таңзаада, Барчынбек уулу Алтынбек, Үрүлбаева Сүйнура жана “Мыкты староста - 2023” наамын алган ИБ-1-21 тайпасынын старостасы Байыш кызы Айтунук диплом, акчалай сыйлыктарды алышты.

“ Мыкты тайпа -2023” сынагында Тарых факультетинин ИБ-1-21 тайпасы 1-орунду, Табият таануу,туризм жана айыл чарба технологиялары факультетинин ГК-1-21 тайпасы 2-орунду, Эл аралык медицина факультетинин Инл- 10- 21 тайпасы 3-орунду ээлеп, диплом жана акчалай сыйлыктарга ээ болду. Кечени жүрүшү концерттик программа менен коштолду.





## МЫКТЫ КУРАТОР - 2023



I ОРУН
Кызбурак Маметова



II ОРУН
Асылбек Жапаркулов



III ОРУН
Бегимай Смадиярова

## МЫКТЫ АКЫЙКАТЧЫ - 2023



I ОРУН
Таңзаада Пайизмаматова



II ОРУН
Сүйнура Үрүлбаева



III ОРУН
Алтынбек Барчынбек уулу



**ОшМУнун маалымат борбору**

# АЛТЫН ТАМГА – 2023

***Билим берүү жана илим министрлиги 2022-2023-окуу жылындагы "Алтын тамга" артыкчылык аттестатынын тестирлөөсүнүн жыйынтыгын чыгарды. Анда ОшМУнун "Билим" лицейинин 11- классынын 2 окуучусу: Наргиза Мырзабек кызы жана Каныкей Куштарова "Алтын тамга-2023" артыкчылык аттестатына ээ болушту.***

***Сынакта катышуучулар математика, эне тили жана адабият (кыргыз тили жана кыргыз адабияты, орус тили жана орус адабияты, өзбек тили жана өзбек адабияты), Кыргызстандын тарыхы жана химия сабактары боюнча тест тапшырышты. Жалпы республика боюнча 1951 бүтүрүүчү катышкан. Алардын арасында Ош мамлекеттик университетинин "Билим" лицейи да 5 жылдан бери тестирлөөгө катышып, жыл сайын артыкчылык аттестатын алып келет. "Алтын тамга" жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясынын өткөрүүнүн негизги максаты - бүтүрүүчүлөрдүн билим деңгээлине баалоо жүргүзүү болуп саналат. Белгилей кетсек, бул мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияга катышуу милдеттүү эмес, ар бир талапкер өз ыктыяры менен катышат.***

***Буга чейин "Алтын тамга" артыкчылык аттестатын ОшМУнун 13 окуучусу алган.***



## Наргиза Мырзабек кызы:

## "Окуучу кезимде ушундай ийгиликтерди багындыруу максатыма жетүүгө түрткү болот"

Мен Алай районунун Чоң-Каракол айылында 2005-жылы 28-майда туулгам. Азыркы учурда Ош мамлекеттик университетинин "Билим" лицейинин 11-классынын окуучусумун. "Алтын тамга" аттестатына чейин математика, химия сабактарынан олимпиадага катышып алдыңкы орундарды алганмын, 9-класста да кызыл аттестат менен аяктагам.

Бул сынакта жыл бою "Билим" лицейинин бүтүрүүчүлөрү "Алтын тамга" артыкчылык аттестатын алып келишет. Мен да ушундай мыкты бүтүрүүчүлөрдүн катарына кошулуп калганыма аябай кубанычтамын. Биринчи иретте лицейдин жалпы мугалимдер жамаатына чоң ыраазычылыгымды билдирем.

"Алтын тамга" аттестатын алганда абдан сүйүндүм, менден өтүп жакындарым да аябай кубанычта болушту. Айрыкча, ата-энемдин үмүтүн кичине болсо да актаганыма өзүмө-өзүм ыраазы болдум. Негизи, мага так илимдер аябай жагат: химия, математика, физика. Акыркы учурда кыргыз тилине да кызыгуум артты. Мурда англис тили жакпайт болчу, бирок бара- бара замандын талабына жараша аны да кошо алып кетип жатам. Азыр англис тили аябай керек болуп жатпайбы)

Мен "Билим" лицейинде 4 жыл окудум. Бул лицей башка мектептерден айырмаланып бир гана билим берүү багытында эмес, окуучуларга тарбияны, кыргыздын маданиятын да үйрөтүп, келечекте Кыргызстанга салым кошо турган уулкыздарга билим берип келе жатышат. Мен "Билим" лицейинен билим алганыма аябай сыймыктанам.

Өзүм китеп окуганды жактырам, ар кайсы элдин чыгармалары, чыныгы окуяга негизделген китептер аябай жагат. Мындан сырткары "Билерман ордо" интеллектуалдык оюнуна катышып жүргөм. Ал жакта көп нерселерди үйрөнөт экенсиң. Хоббим болсо - бийлөө менен эс алуу. Келечекте, буюрса, медицина тармагында окуп, чет өлкөдөн да тажрыйба алып келип Кыргызстан үчүн эмгектенгим келет. Жана башка көптөгөн максаттарым бар. Ошол эле учурда бардык жаштарга айтарым: койгон максатыңарга жетүү үчүн талыкпай эмгектенгиле!

## Каныкей Куштарова:

## "Кыргызстандын медицина тармагын өнүктүрүүнү каалайм"



Мен, Куштарова Каныкей Абдикадыровна, Ош областына караштуу Чоң-Алай районунун Кулчу айылында төрөлгөм. Азыркы учурда ОшМУнун "Билим"лицейинин 11-классынын окуучусумун. Математика сабагынан 8-класстан бери олимпиадага катышып келдим, 9-класста райондук турдан 3-орунду алгам. "Билим" лицейине келгениме 2 жыл болду. Мындан сырткары "Манас таануу" сынагына,"Билерман ордо" интелекттуалдык оюнуна да катышып жүрөм. Математика, химия жана биология сабактарын жактырам. "Алтын тамга" алганымды укканда башкача сезимдер болду, эң негизгиси, ата-энем жана мугалимдеримдин үмүтүн актаганыма сүйүндүм. "Билим" лицейинен, эң биринчи, кыргыз элинин баалуулуктарын сактоого жана каада-салтты урматтоо керектигин үйрөндүм, мыкты тарбия беришти. Көбүнчө китеп окууга кызыгам(анын ичинен көркөм чыгармаларды). Ар тараптуу болууга аракеттенем. Келечекте мыкты дарыгер болуп, Кыргызстандын медицина тармагын өнүктүрүүнү каалайм. Жаш окуучу досторго: Ар дайым 100 % аракетте болгула дээр элем.

**Бийгелди Апжапаров**

# "ЖАШ ЖУРНАЛИСТТЕР" КЛУБ МҮЧӨЛӨРҮ СЕРТИФИКАТКА ЭЭ БОЛУШТУ

***ОшМУнун "Дидактика" гезитинин жана "Идар Медиа" борборунун ортосунда түзүлгөн "Жаш журналисттер" клубунун мүчөлөрүнө сертификат тапшыруу аземи болуп өттү. Ага ОшМУнун биринчи проректору З.С.Божонов катышып, "Коом мыкты журналистке муктаж" деген темада насаат семинар өтүп, болочок журналисттердин суроолоруна жооп берди.***

***Клубдун негиздөөчүсү, "Идар Медиа" борборунун жетекчиси жана "Дидактика" гезитинин редактору Тургунбай Алдакулов студенттерди ар дайым калыс жана медиасабаттуу адис болууга чакырып өттү.***

***Эскерте кетсек, аталган клубка мүчөлөр жыл башында эки этаптан турган сынак аркылуу тандалып алынган. Жүзгө жакын талапкер өтүнмө жазып, алардын 48и экинчи этапка (баарлашуу) чакырылган. Экинчи этаптан 25 студент кабыл алынып, окуу курсун үч ай бою аягына чейин окуган 15ине сертификаттар тапшырылды.***

**ОшМУнун окуу иштери боюнча проректору З.С.Божонов:**

***"Коомдун пикири баарын тарбиялайт"***

Биздин убакта гезитти күтүп жүрүп окучубуз. Бүгүнкү күндө маалыматтын баары интернетте, жаңылыктар ар бир адамдын чөнтөгүндө болуп калды. Социалдык тармактар аркылуу, фейсбук, ватсап ж.б. сайттардан эле маалымат алып калдык. Кесиптик журналистиканын маалыматын албай жатабыз. Гезит окуган адам азайып кетти.

Бирок коомчулук аналитикалык макалаларга муктаж. Кайсы бир тармак боюнча терең изилдеп жазган журналисттер чыгышы керек. Түрдүү тармакта жүрө берсе, аны терең ачып бере албай калышы мүмкүн. Бир маалыматты чагылдыруу үчүн ошого байланыштуу бир топ темаларды окуп чыгып, суроолорун жөндүү даярдаса гана, мыкты жооп ала алат. Изденүү керек.

Биз студенттерге тандоо мүмкүнчүлүгүн бергенбиз. Алар 1-курсту аяктаган соң 2-курста кайсы сабакты окуйт, кайсы мугалим берет аны өзү тандап алат. Себеби алар окуу үчүн контракт төлөп, келишим түзүшкөн. Ошондуктан тандоо алардын колунда болушу керек..

Ал эми журналистикада окуган студенттер үчүн "Үмүт" студиясына, "Нур" жана "Дидактика" гезиттерине келип практикадан өтсө болот. Мисал катары силерге бир долбоорду сунуштайт элем, "Кечиккендер" деген рубрика ачып, ага кечиккен студент болобу, мугалим болобу тартып, коомго чыгарса, аны башкалар көрөт да өзүн оңдой баштамак. Коомдун пикири баарын тарбиялайт. Бул да болсо өнүгүүнүн бир жолу.

Азыр баарыбыз кесипкөй, мыкты журналисттерге муктажбыз. Ошол себептен бул курсту аяктаган студенттерге ийгилик каалап, алардын келечекте коомго кереги тийген, мекенчил уул-кыздардан болушунарга тилектешпиз!











**"Дидактика" гезитинин редактору Тургунбай Алдакулов:**

***"Өзүңдө бар нерсени бөлүшүү - атуулдук парз"***

Мен, көрүнүктүү устаттар Каныбек Исаков, Султан Жомогулов деген агайлардан билим алдым. Бул инсандар өмүр бою коом агартуу иштерине жан дили менен кызмат кылып өттү. Жашаса болот эле, өмүрү кыска экен шум ажал арабыздан алып кетти. Ушул инсандардан алган таалим-тарбияны, билимимди, журналистика боюнча чогулткан тажрыйбамды келечек ээлерине үйрөтөйүн деген ниетте ушул клубду түзгөнбүз.

"Дидактика" гезитинин редактору катары Ош мамлекеттик университетинде окуган студенттердин арасынан журналистикага кызыгып бирок башка факультетте окуп атккандар тандалып алынган. Менин эң башкы максатым, өзүңдө бар нерсени башкалар менен бөлүшүү болуп саналат. Бул ар бир инсан үчүн парз болушу керек.

Бул багытта жаш журналисттерди дагы да окутуу планымда бар. Буйруса бул проектибиз уланат.

Биз, эл аралык уюмдарды же кимдир бирөөнүн гана колдоосун күтүп отурбастан, колдон келишинче өзүбүз чогулткан билим, тажрыйбаны келечек муунга берүүнү максат кылдык.

Бүгүнкү күндө коомчулук кесипкөй, бейтарап журналистикага абдан муктаж.

Ошондуктан колдон келишинче мындан ары да журналисттерди окутуу иш-аракетибизди уланта беребиз.



**Айзирек Гадаева**

# МОБИЛДҮҮЛҮК – СТУДЕНТТЕРДИН ДҮЙНӨ ТААНЫМЫН КЕҢЕЙТЕТ

***Азыркы тапта билим алуу бир топ өнүккөн десек болот. Билимге ар кандай жолдор менен жетүүгө болот. Китеп окусаң да, адамдар менен сүйлөшсөң да, дүйнө кыдырсаң да ар кандай маалыматтарга ээ болосуң. Мына ошол маалыматтарды тактап, изилдеп өзүнө керектүүлөрүн сактап калган адам гана албетте билимдүү болот. Биздин Ош мамлекеттик университети да өз студенттерине ар тараптуу жана керектүү билим берип келет. Алардын бири академиялык мобилдүүлүк системасы. Мында студенттер ОшМУ келишим түзгөн мамлекеттерге барып окуп келүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Дал ушул мүмкүнчүлүктү колдон чыгарбай, Түркия мамлекетинде окуп жаткан Айжаркын Абдилатовадан маек алдык.***

***Айжаркын Ош шаары, Кара-Суу районуна караштуу Папан айыл өкмөтүндө туулган. Азыркы учурда Ош Мамлекеттик университетинин эл аралык мамилелер факультетинин 2-курсунун студенти.***



Сентябрь айында академиялык мобилдүүлүк боюнча Түркиянын университеттерине барып окуп келүү мүмкүнчүлүгүн уккандан кийин аракет кылып баштадым. Эң алгач эле программанын координатору Кулназарова Айнура эжеке менен байланыштым. Эжеке шарттарын, талаптарын түшүндүрүп берди. Маалыматка ээ болгон соң, ал жакка баруу ниетим дагы да күч ала баштады. Андан кийин түрк тилине B2 денгээлинде тест тапшырып, тесттен өткөндөн кийин документ даярдадык. Январь айында жеке электрондук адресибизге Памуккале университетине кабыл алынганыбыз тууралуу кат келди. Абдан сүйүндүк. Февраль айында Түркиянын Денизли шаарындагы Памуккале университетине келип калдык.

Түрк эли өзүбүздүн кыргыздардай эле өтө меймандос калк экен. Февраль айында болгон жер титирөөгө карабастан бизди жылуу тосуп алып, андан сырткары белектерин да беришти. Колдорунан келген жардамын аяган жок. Кыргыздар биздин бир тууган өлкө, силер биздин бир тууганыбызсыңар деп жакшы мамиле кылып жатышты. Биз менен окшош жагы да бар, бирок ошентсе да ар улуттун өзүнө жараша мүнөздөмөсү болот эмеспи. Андыктан айырмачылыгы жок деп да айта албайм. Негизинен Кыргызстан да, Түркия да мусулман өлкө болгондугу үчүн кыйынчылык жаралган жок.

Бул жакта система башка, билимге өзгөчө баа беришет. Менин таң калганым: окууга болгон тартип , талап аябай күчтүү. Студенттер үчүн бардык шарт түзүлгөн. Мисалы мен англис тили жана адабияты факультетине келгенмин. Группалаштарым баары мектепти бүткөндөн кийин мамлекет тарабынан каржыланган атайын 1 жылдык бекер тил курсунда окуп, экзамен тапшырышкан экен. Ошондуктан көпчүлүгү англис тилин беш колундай билип, сүйлөй алышат. Мугалимдердин студенттерге койгон талабы, шарты аябай оор. Эгзаменден өтпөй калса кайрадан кийинки жылы дагы окуйт. Мен группада эң жаш студентмин, көпчүлүгү 22,25 жана андан да чоң студенттер бар. Бардыгынын окууга болгон кызыгуусу күч экенин, колунан келишинче окушарын байкадым жана суктандым.

Бул жерде окуучунун жеке кызыкчылыктары, көз караштары биринчи орунга коюлган. Билим сапаты да өтө жогору. Система башка, биздин университеттегидей чектөөлөр жок. Сабактар эки түргө бөлүнөт:



милдеттүү жана кошумча өзүң тандаган предметтер. Мен, мисалы милдеттүү сабактарым: англис тили жана адабияты болгонумененкошумчатандагансабактарыма : психология, немецкий, тарых сабактары бар. Тандоо мүмкүнчүлүгү студенттин өз колунда. Мобилдүүлүк студенттердин дүйнө таанымын кеңейтүүдө, өзгөртүүдө чоң роль ойнойт. Жаңы таанышуулар, жаңы чөйрө студентке чоң таасир берет. Менде, бул жакка келгенден кийин эмнеге биздин университетте ушундай шарттар жок, эмнеге түзүп беришпейт, деген суроолор пайда болду. Эки университетти салыштыруу башталды. Айырмачылыктар көп. Негизгилеринин бири бул - мугалимдерге болгон сый-урмат. Алардын убактысы, сабактары баары жогорку орунга коюлган. Мугалимдер менен студенттердин ортосундагы мамилелерге коюлган чектөөлөр бар. Бул жакта окутуучулар жөнүндө жеке маалыматтар, алардын номерлери студенттерге берилбейт экен. Эгер байланышкың келсе электрондук адресине жазып, жооп күтүүң керек болот. Биз жактагыдай түнкү саат 12де да мугалимдердин номерине чалып, тынчын албайт (күлүп). Мен Эрасмус программасы менен келген студент болгонум үчүн номерлерин беришти ( жардам керек болсо деп) .Дагы бир айырмачылыгы биздегидей 1-2 модуль, сессия экзамен деп 3 жолу болбойт экен. Бул жакта 2 эле жолу, упайлоо методу да башка.


Эмне үчүн ОшМУ, эл аралык мамилелер факультетин тандадым:

1) Мен балалык чагымдан бери эле тилдерге кызыгып келгем. Жаңы тил үйрөнүп, жаңы жер көрүп, үрп-адат, каада-салттары менен таанышып, эки эл ортосундагы мамилелерге, маданиятына кызыгам, жаны нерселерди үйрөнгөндү жакшы көрөм. Бул максаттарымды ишке ашырууга жардам жана түрткү берген факультет - эл аралык мамилелер факультети болду.

2) ОшМУ Кыргызстандагы, жалпы эле Орто Азиядагы эң жакшы, престиждүү университеттердин бири болгондугу үчүн.

3) ОшМУнун башка мамлекеттердеги университеттер менен келишимдери көп болгондугу мыкты, тандоо мүмкүнчүлүгү кенен.

Мен ОшМУ аркылуу азыркы учурда Түркияда академиялык мобилдүүлүк программасы боюнча окуп жүрөм, бул менин эң чон жетишкендиктеримдин бири деп ойлойм.



**Айжаңыл Нурмамат кызы**

# ЧЕТ ЭЛДИК СТУДЕНТТЕР

***Билим биздин жашообузда ийгиликке жетүү үчүн көптөгөн жолдорду ачат. Ал инсандык сапатыбызды гана эмес, акыл-эс, руханий, интеллектуалдык жактан да өстүрөт. Билим алуу студенттин жашоосундагы эң маанилүү нерселердин бири. Бул студенттерге жашоодо маанилүү чечимдерди кабыл алууда талдоо жүргүзүүгө жардам берет.***

***Нельсон Манделанын айтымында, билим дүйнөнү өзгөртүү үчүн колдонула турган эң күчтүү курал. Ал эми, билим алуу үчүн сен кайсыл жерде болбо, кайсыл жактан келбе ар дайым туура багыт берүүчү окуу жайды, чөйрөнү тандооң керек.***

***Көптөгөн студенттерге кучак жайган куттуу окуу жайыбыз ОшМУда 30 миңдей студент билим алса, алардын ичинде 9393ү башка жактан келгендер.***

***Дал ушул чет жактан келип, биздин окуу жайдан билим алып жаткан студенттерибизден маек алып, алардын ой пикирлерин силер менен бөлүшүүнү туура көрдүк.***



My name is Syed Osama Rahman. I'm from Patna, India. I'm 27 years old. I study medicine at the International Medical Faculty of Osh State University. I came to Kyrgyzstan in 2018, and this is my last year of graduation. My hobby is photography. I take photos of nature, mountains, and people as well.I like Osh State University. It has a great atmosphere, a beautiful campus, good hospitality, good teachers, and a lot of opportunities for the students. The university provides us the chance to meet a lot of international students and to learn a lot in the form of Olympiads and various other competitions.I looked on the internet, and there I found Osh State University among the best universities for medicine in Kyrgyzstan. Moreover, my cousin was studying in Jalal-Abad, and when I was searching for a college, he also suggested Osh State University. Because of its beautiful campus, good location, low fees, and, of course, good faculty, I decided to take admission at Osh State University.Well, a lot of interesting moments have happened. I cannot count on my fingers, but during the new year celebrations near the meriya office, we celebrated Indian festivals like Holi and Diwali on a grand scale on campus, and we also organized an IFTAAR party on campus. I also got to meet Valentina Shevchenko. So it has been very interesting for us. My collaboration on photos and videos with Osh Meriya and OshLive has been very interesting for me.My plan is to graduate from the university. I'll go back to India and complete my residency, and then I'll look for further studies either in India or any other country. My plan is to come back to Kyrgyzstan with my parents and show them our university and this beautiful city, Osh, and to travel more and explore that beautiful country.



Мен, Сайед Осама Рахман. Индиянын Патна шаарынан болом. Учурда Ош мамлекеттик университетинин Эл аралык Медицина факультетинин студентимин. Кыргызстанга алгач 2018-жылы студент болуп келгем, а быйыл бүтүрүүчү студенттердин катарындамын. Хоббим сүрөткө алуу. Жаратылышты, тоолорду жана элдерди сүрөткө тартам. Мага ОшМУ өзүнүн меймандостугу, сонун атмосферасы жана мыкты мугалимдери менен жагат. Ошондой эле студенттер үчүн көптөгөн мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн.

Университет бизге көптөгөн чет элдик студенттер менен таанышууга, олимпиадаларга жана ар кандай сынактарга катышып, көп нерселерди үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк берди. Мен ОшМУну Кыргызстандагы медицина боюнча эң мыкты университеттердин катарынан таптым. Анын үстүнө Жалал-Абадда окуган иним да мен колледж издеп жүргөндө мага ОшМУну сунуштады.

Кооз корпусу, жакшы жайгашкандыгы, окуу акысынын аздыгы жана албетте түрдүү факультеттери болгондуктан, мен ОшМУга тапшырууну чечкем. Көптөгөн кызыктуу учурлар да болду. Мен манжаларым менен эсептей албайм, бирок мэриянын кеңсесинин жанында жаңы жылды майрамдоодо биз Индиянын Холи жана Дивали сыяктуу фестивалдарын чоң масштабда белгиледик, ошондой эле корпуста IFTAAR кечесин уюштурдук. Валентина Шевченко менен да жолугуп калдым. Ошентип, бул биз үчүн абдан кызыктуу болду.

Osh Meriya жана OshLive менен фото, видеолор боюнча кызматташканым мен үчүн абдан кызыктуу болду. Планым университетти аяктап, Индияга кайтып барып, резидентурамды бүтүрүү. Андан кийин Индияда же башка өлкөдөн дагы окууну улантам. Ата-энем менен Кыргызстанга кайтып келип, аларга университетибизди жана бул кооз шаарды, Ошту көрсөтүп, көбүрөөк саякаттап, бул кооз өлкө менен тааныштыруу.

**Айзирек Гадаева**

# ЖЕҢИШ КҮНҮ

*Сиздерди 9-Май Улуу Жеңиш күнү менен куттуктайбыз! 9-Май Ата-бабаларыбыздын өлбөс-өчпөс эрдигин даңазалаган, көп улуттуу элибиздин биримдиги жана ынтымагы менен жаркын жашоону тартуулаган Жеңиш күнү! Даңктуу тарыхыбыз менен элибиз дайыма тынчтыктын, ынтымактын майрамы катары белгилеп келет. Согушта эрдик көрсөтүп, өз жанын Жеңиш үчүн курман кылган, бүгүнкү бейпил жашоону тартуулаган жоокерлердин элеси ар дайым жүрөгүбүздө. Жергебизде тынчтыктын ыры жаңырып, элибизде ынтымак ыроолоп, молчулук, токчулук болушуна тилектешпиз. Улуу Жеңиш күнү куттуу болсун!*

**Адан Алимкулов 1922-жылы Алай району, Гүлчө айыл аймагы, Жылуу-Суу айылында туулган – эмгек ардагери, Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. 1942-жылы согушка чакырылып, Калининград фронтунда салгылашкан. Согуш талаасынан 1945-жылы жеңиш менен кайткан. 1946-жылы Гүлчө районунда сот аткаруучу, 1948-1952-жж Там-Башат айыл Советинин төрагасы, 1952 - 1959-жж. Тельман колхозунда башкарманын төрагасы, 1963-1970-ж райондук билим берүү бөлүмүндө чарба иштери боюнча орун басар, 1971-1982 ж. Гүлчө айылындагы балдар бакчасында чарба башчысы болуп иштеген. 2-даражадагы Ата Мекендик Согуш ордени жана медалдар менен сыйланган. Согуш талаасынан оор жарадар болуп өз мекенине кайтып келип, 2011-жылы 11-ноябрда көз жумган.**

Чоң атамдын бул согушка Ата Мекенибизди коргоо үчүн катышканына сыймыктанам! Жеңиш үчүн чоң атама терең ыраазычылык билдирем!

Бирок, азыркы учурда ал мезгилди унутуп койгондой атка минерлер жерди каалашынча көмөчүнө күл тартып, өздүк сол чөнтөккө таштаганы таштаган. Бул баарыбызга бештен белгилүү эмей, эмне?

Болгону алакандай Кыргызстандын кыргыз тилин көздүн карегиндей сактап, мекенди гүлдөтүп, өркүндөтүп, көкөлөтүп ийсек болбойт беле? Анда эмесе Жеңиш күнү кандай кыйынчылыктар менен келгенине



көз чаптырып көрөлү.

Берлинди алууда согушта Калыйнур Үсөнбеков куралсыз салгылашта 7 душманды өлтүрүп, 2 офицерди туткунга алган. Экинчи дүйнөлүк согуш адамзаттын тагдырындагы эң көп кан төгүлгөн согуштардын бири болду. Согуштун жүрүшүндө 27 миллион советтик киши курман болгон. Кыргызстандан фронтко 360 миңден ашуун жоокер аттанып, алардын 80 миңден ашыгы кайтпай калды, 73ү Советтер Союзунун баатыры наамын алышса, 100 миң жоокер ар кандай орден, медалдар менен сыйланды. Бул Совет Республикасынын жеңишке аябагандай оордук менен жетишкендигин кабарлайт. Жеңиш фронттогу жоокерлердин эрдигинен гана эмес, аскерге керектүү бардык курал-жарак, снаряд, ок-мылтыктарды ээритип куюп, тамак- аш менен камсыз кылып турган тылдагы аялдар менен жаш өспүрүмдөрдүн эмгегинин натыйжасы. Согуш талаасындагы жоокерлердин курсагын тойгузуп, кийимин жамап берип турган аялдар эмне деген гана азапты көрүшпөдү. Бирок, аялдык алсыздык кылбай, кайра белди бекем бууп, эркектерди чыдамсыздык менен, ишеним менен күтүштү. Уулу жеңишке жетебиз деген ишеним алардын кайратын бөлөп, курчутуп турду. Күнү-түнү баары фронтко урааны менен өздөрү жарым ачка иштешти. Улам келген караандай кыйынчылык жанды канчалык сыздатпасын кайраттан кайтышкан жок, Жараткан адамдын адамдыгын ушул согушта сынагандай болду. Согуш 1418 күнгө созулду, 1418 күн ажал менен аянбаган кармаш жүрдү. Согуштун нечен оор күндөрүндө көздөн жаш чыгарбаган аялдар ошол күнү ыйлашты. Жеңиштин баасы өтө эле бийик болду, чиедей балдар жетим калып, жаш келиндер түгөйсүз калды. Андан бери нечен күн өтүп, нечен таң атты. Баатырдын күчү элинин бейпилдигин коргойт, качан болбосун душман кол салып, тынч жаткан элди дүрбөткөндө, жигиттер өз башын өлүмгө саят. Баатырлар канында ойноп турган ата-бабадан калган мурасын кийинки муунга татыктуу өткөрүп берүү үчүн төшүн отко тосуп, ажалга тике карайт. Бул эркектин ыйык парзы.

Урматтуу ардагерлерибиз сиздер эрдиктин жана өз элиңиздерге, өз өлкөңүздөргө болгон чыныгы сүйүүнүн үлгүсүсүздөр. Биз сиздерди



карап түзөлөбүз. Сиздердин акылман кеңеш, күч жана кайрат, эрдигиңиздер жана мекенчилдигиңиздер өсүп келе жаткан муун үчүн ишенимдүү жол көрсөткүч болгон жана болуп кала берет. Биздин элибиз урматтуу ардагерлерибиз жана Улуу Ата Мекендик согуш жөнүндө урматтап эскеришет.

Учурда жеңиштин 78-жылкы таңы атып жатат, бул таң кыйынчылык менен, эрдиктин ширелишинен келген, эркиндиктин таңы. Ушул майрамдык жана салтанаттуу күнү чын дилимден сиздерге ден соолук жана бакубатчылык каалайм. Мекенибиздин асманы ачык жана бейпил болсун. Бул биздин ата-бабабыздан калган мурасыбыз, бул биздин жеңиш, эч ким, эч нерсе, эч качан унутулбайт!

**Элена Аданова**



(Сүрөт интернеттен алынды)

# СУУНУН КАСИЕТИ

***Маалымат айдыңы күн санап кеңейип жатат. Мындайда көңүлдү бир жерге топтоо оңой эмес. Андыктан, азыр контент жаратуучулар аудиториянын көңүлү үчүн күрөшүп турган кези.***

***Кандай гана контент болбосун, ал текст аркылуу жаралат. Ал эми кызыктуу текстти жазуу ар бир эле адамдын колунан келе бербейт эмеспи. Мисалы: илимий, көркөм публицистикалык, макалаларда мыкты идея, ой камтылганы менен, аны жазуу да бир топ кыйынга турат.***

***ОшМУда да макала жазган студенттер арбын, ошол студенттердин макалаларын окурмандардын назарына чыгарып турууну кааладык...***



**ОшМУнун Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин 4-курсунун студенти Мадина Таалайбек кызы:**

## КҮНҮМДҮК ЖАШООБУЗДА КОЛДОНУЛУП ЖАТКАН СӨЗДӨРҮБҮЗДҮН СУУ МЕНЕН БОЛГОН БАЙЛАНЫШЫ ЖАНА ТААСИРИ

Изилдөөдөгү максатым: Азыркы кездеги жаштардын тил үйрөнүүдө сөздүн маанилерин толук түшүнүп, туура пайдалануу менен гана чектелбестен аны коомго жайылтуу менен бүтүндөй коомдун маданиятына, инсандык сапаттын калыптанышына жана тилдик каражатка салым кошуу, өнүктүрүү болуп эсептелет.

Суу менен сөздүн психологиялык фактылары аныкталган, бирок маалыматтардын басымдуусу үстүртөн тааныш болгонуна карабастан анын эң керектүү, орчундуу жерин биз туура пайдаланып, методикасын колдонуп, практика жүзүндө ишке ашырып коомго кененирээк жайылта албай жатабыз.

Эгерде бул маалымат коомго кененирээк маалымдуу болсо, алар үчүн жана алардын айлана-чөйрөсү үчүн пайдалуу жана ийгиликтүү. Ошол эле учурда коомдо болуп жаткан эң өзөктүү көйгөй болуп, жаңы нерселерди үйрөнүү жана психологиялык маселелерди чечүүдө, жаштарга карата тарбиялык маселесин ийгиликтүү ишке ашырууда курал болот.

Учурда англис тили адистигинде 4-курста окуйм. Ошону менен катар жеке менчик мектепте мугалим болуп иштейм. Убакытты туура пайдалана алгандыгым үчүн эки ишти бирдей ийгиликтүү алып кетип жатам. Учурдан пайдаланып балдардын психологиясын аныктоодо практикалык изилдөөлөрдү жүргүзүп, маанилүү маалыматка ээ болдум. Бул маалымат бир гана окуучулар үчүн эмес, жалпы адамзат үчүн маанилүү экенин тактадым.

Кыргыз эли эзелтеден акылман калк экенибизге ынандым. Мында суунун кызыктуу 2 фактысы туралуу көрсөтүлгөн. Кыргыз элинде кеңири таралган сөз бар "Жаман түш көрсөң түшүңдү сууга айт" -дешет. Эмне үчүн сууга айтуу керек дегендей суроолорду баарыбыз эле ойлонуп көргөнбүз. Себеби суу угат, суунун угуучу касиети бар. Ал эми экинчи факт кандайдыр бир себептер менен адамга руханий жардам берүү максатында диний тараптан дубаны сууга окуп адамга ичиришет.

Эмне үчүн сууга дуба окулат деген суроого бир адамдан угуп калдым, ал адамдын айтуусу боюнча суу дубаны сактап кармап турат, себеби суунун эс тутумдуу касиети бар экен.

Суунун түзүлүшүнө арналган көптөгөн сайттарда суунун маалымат теориясынын негиздөөчүсү катары Жак Бенвенисттин ысымы айтылат. Ал эмне кылды? Бул француз иммунологу 1988-жылы анти-IgE антителолорунун суюлушун жана алардын адамдын базофилдик клеткаларына таасирин изилдеген. Башкача айтканда, ал иммундук жооп изилдеген. Бенвенисттин Nature журналына жарыялагысы келгенсип натыйжалары гомеопатиянын идеяларына дал келгендей көрүндү: миллиондогон жолу суюлтулганда, препараттын активдүүлүгү сакталып калган.

Ал эми сөздөрдүн маанисине кандай тиешеси бар?

Мен тил үйрөтүүчү мугалим катары психологиялык методдорду окуп , анализдеп жүрөм, албетте бала болобу, студент болобу ал үчүн кызыктуу сабак өтүүнү, аны сабагыңа тартууну каалаган анда биринчи психологиялык метод бул студент, окуучуларга карата комплимент, мактоо сөздөрдү колдонуу ж.б.у.с. Өнүккөн өлкөлөрдө да бул метод негизги орунда пайдаланылып келет. Мен окуучуларга же студенттерге карата гана изилдөө жүргүзбөстөн жаш балдарга да тарбия боюнча 3 жылдан ашык изилдеп бир фактыны билдим. Балага тарбия берүү курсактан башталат. Себеби бала карында жаткан мезгилинде 90% суу каптап турары анык, медициналык тармактан да изилденген. Суунун 2 касиети бар: угуучу жана эс тутум. Адам баласы анатомиялык жактан дене бою 70-80% суудан түзүлгөн, демек психологдордун кеңешинин негизгиси болгон позитивдүү болгула, жакшы сөз, комплимент айткыла, ошондо жашооңор жеңилдейт деген сунуштарына мен факты катары адамдын денесинин суудан түзүлүп турганына дал келтире алдым жана практикамда пайдаланып көрдүм.

Учурда жеке менчик мектепте иштейм. Сабакты жакшы эмес окуган, тартиби дагы жакшы эмес баланы байкадым. Сабак учурунда аябай кыйналдым. Тил албайт, кыздарга тийишет, жазбайт, анан акырындап комплимент айтып мактадым, чийип жазса да 5 коюп жаттым, шоктонгонун көрүп -баарыбыз сендей болуп олтурабыз! Кана көрсөтүп койчу бизге кантип отурганды!- деп мактап коюп жаттым,бир жумадан кийин ал шок бала жок,абдан акылдуу, тартиптүү балдардын катарына кошулуп , отличник болууга чейин жетти,демек анын да денеси суудан турат,жана жакшы сөзгө татыктуу.Аны менен эле чектелбей үй-бүлөмдөгү жакын инсандарга да пайдаланып көрдүм,жыйынтык жакшы,кантип?жана кандай кызыктуу окуяларга кабылгандыгым тууралуу айтып отурсам абдан узак, кыскача, жалпылап, негизги айта кетүүчү нерсе бул ар бирибиз бири-бирибизден жакшы сөздөрдү аянбастан, эң сылык жана жагымдуу комплимент айтууну адатка айландырып алуу менен биз коомго инсандык оң тасирдеги өнүгүүнү киргизе алабыз.Бул методиканы күнүмдүк 3-4 маал тамак ичкендей эле салтка айлантып алсак, жыйынтыгы сөзсүз түрдө мыкты болот деп ишенем.

# Англис тилин үйрөнүп, travel the world!

***Чындыгында English learn үчүн канча time керектелет? Сиз билесизби? Мунун баары өзүңүздөн depends. If сиздин кызыгууңуз very күчтүү болсо, анда 6 months to a жакшы деңгээлге achieve.***

***But албетте, толук түрдө so fast сүйлөп кете албайсыз. Because it is мүмкүн эмес.***

***Дүйнө жүзүндөгү эң көп колдонулган тил Кытай тили болгону менен, азыркы учурда англис тилинде сүйлөө, англис тилин окуп үйрөнүү ааламдын ар бир бурчунда талап кылынууда.***

***Ошондуктан биз, сиздер үчүн англис тилин бат үйрөнүүгө арналган ыкмаларды жана бир нече күнүмдүк баарлашууга керектелген англисче сөздөрдү назарыңыздарга таартуулайбыз.***




**Кайрылуулар;**
Кечиресиз...? - **Excuse me... ?**
Кымбаттуу достор! - **Dear... friends**
Кымбаттуу кесиптештер! - **Dear... colleagues**
Сиз Самат мырзасызбы? - **Are you Mr. Camat?**
Ажар айым... - **Mrs. Ajar** (турмушка чыккан аялга айтылат)
Мисс Ажар... - **Miss Ajar** ( турмушка чыга элек аялдарга карата)

Доктор Самат - **Dr. Samat**
Айдоочуга - **Taxi**
Полицейскийге - **Officer**
Айымдар жана мырзалар - **Ladies and Gentleman**
Сизди бир мүнөткө мүмкүнбү? - **Can I have you for a minute?**
Мага жардам бере аласызбы? - **Can you help me?**
Аялдама кайсыл жакта? - **Where is the bus stop?**
Эмне көйгөй? - **What is it?**
Тынчтаныңыз - **Stay calm.**
Кош келиңиз - **You are welcome**
Кутман таң - **Good morning**
Кутман күн - **Good afternoon**
Кутман кеч - **Good evening**
**Таанышуу;**
Саламатсызбы? Мен... - **Hello, I'm...**
Силер таанышсыңарбы? - **Have you met?**
Биз таанышпыз - **We have met**
Сизди көргөнүмө кубанычтамын - **Nice to see you**
Мени Самат деп чакырыңыз - **Call me Samat**
Салам, Самат! Кандай жагымдуу сюрприз!
**- Hi, Samat! What a pleasant surprise!**
Сиз менен таанышканыма кубанычтамын
- **Very pleased to get acquainted to you**
Үйүңүздөгүлөр кандай? - **How is your family?**
Сонун күн! - **Nice day!**
Сонун кеч, туурабы? - **It's a lovely evening, isn't it ?**
Кандай гана начар аба ырайы! - **What miserable weather!**
Тааныштырууга уруксат этсеңиз... - **I would like to you meet...**
Менин жолдошумду - **my husband**
Менин Аялымды - **my wife**
Менин ата энемди - **my parents**
Менин балдарымды - **my children**
Менин досторумду - **my friends**

**Көп колдонулуучу жооптор;**
Сонун - **fine!**
Абдан жакшы - **very well**
Ооба албетте - **Yes of course**
Керемет - **Fine**
Бул мага ыңгайлуу - **That suit's me fine**
А сиз кандайсыз? - **And how are you?**
Жаман эмес - **not so/ too bad**
Ыракмат, менде да баары сонун - **I am very well too, thank you**
Кечиресиз - **I am sorry**
Эч нерсе эмес - **Not at all**
Бул менин күнөөм - **It's my fault**
Сиз күнөөлүү эмессиз - **It wasn't your fault**
Унутуңуз - **Forget it**
Жакшы ой - **Good idea**
Чечилди! - **(That's) Settled!**
Айтканыңыздай болот - **As you say**
Иштерим бар - **I've got things to do**
Жок ыракмат - **No, thank you**
Мен сизди түшүндүм - **I got you**
Мен сизди түшүнгөн жокмун - **I didn't get you**

**Ыраазычылык;**
Ыракмат - **Thank you / Thanks**
Чоң ыракмат - **Thank your very much**
Жардамыңыз үчүн ыракмат - **Thank you for your help**
Көңүл буруу - **attention**
Чакыруу - **invitation**
Боорукердик - **kindness**
Меймандостук - **hospitality**
Сабырдуулук - **patience**
Сизге абдан ыраазымын - **I am very grateful to you**
Сизге кантип ыраазычылык билдиришти билбей турам
**- I don't know how to thank you**
Келгениңиз үчүн ыракмат - **Thanks for coming**

**Англис тилин бат үйрөнүү үчүн ыкмалар:**

1. *Англис тилин тез жана эффективдүү үйрөнүү үчүн алгач убакытты туура бөлүштүрүү зарыл. Ар күнү белгилүү бир убакытта англисче сөздөрдү жазып, аны кайталоо керек. Эгер сиз бир күндө 30-40 сөз жазып жаттасаңыз, 1 айда 1000ден ашуун сөз жаттаган болосуз.*
2. *Андан кийин грамматикага өтсөңүз болот. Грамматиканы ишке салып, өзүңүзгө керектүү мурда алган маалыматты эстеп кайталаңыз.*
3. *Ыр ырдаңыз. Англис тили сабагы алдында англисче ырдаңыз. Ал ырды сиз толук жаттаган болушуңуз керек жана түшүнө билүүңүз абзел. Бул кыска жана жеңил көнүгүү сиздин англис тилинде бат сүйлөөгө шарт түзөт. Эс алып да каласыз.*
4. *Англис тилинде кыска абзацты компьютер же телефондо териңиз. Сиз өзүңүздүн турмушуңуз, досторуңуз же болбосо каалаган темада сүрөттөп текст катары компьютерде теришиңиз мүмкүн. Бул адамдын аң сезимине бир маалыматты оперативдүү түрдө кабыл алуусуна көмөк берет.*

***Англис тилин үйрөнүп, travel the world!***

**Айзирек Гадаева**

# Эмне үчүн?

***Студенттер бүтүрүү кечесине эмне үчүн мантия кийишет?***

***Чет элдик университеттердин көбүндө, студенттер "бүтүрүү кечесине кандай кийим кийиш керек?" деген маселе жок. Себеби алар, миңдеген көйнөктөрдүн, костюмдардын ичинен албетте мантияны тандашат. Чынында эле, бул өзгөчө кийим салтанаттуу, кооз жана таасирдүү көрүнөт. Ал тургай, "мантия" деген сөз менен артыкчылыктуу класс жана өзгөчө адамдар менен бирикмелер бар. Мисалы: мантияны падышалар, казылар, аалымдар жана студенттер кийишет. Жакшы компания, туурабы? Бирок кийимдин бул түрүн ким ойлоп тапты жана эмне үчүн бүтүрүү күнү кийилет? Бул жөнөкөй суроонун жообу баарыбызга эле кызык болсо керек, келгиле түшүндүрүп берели:***




Орто кылымдарда Европада алгачкы университеттер пайда болгон. Бул убакта ар кандай окуу жайлары сыяктуу эле, университеттер чиркөөнүн макулдугу менен жана көзөмөлүндө түзүлгөн. Демек, эрежеге ылайыктуу убакыттын өтүшү менен студенттер да монахтардан үлгү алып, шөкүлөсү бар бир түстөгү узун кийимдерди кийе башташкан.

Студенттер үчүн мындай кийимдер өзгөчөлүктүн белгиси болгон. Илим дүйнөсүнүн сырдуу эшиги ачылгандай сезилген. Мантия карапайым элдин билим деңгээлин, интеллектуалдык артыкчылыгын көрсөтүп, студенттердин да, жалпы элдин да жакшы көз карашына ээ болгон. Бул форма алгачкы жылдары студенттердин күнүмдүк кийими болуп келген болсо, убакыттын өтүшү менен студенттер өзүнө мүнөздүү максимализмди түзүп, күн сайын сабакка мантия кийбөө укугуна ээ болушту. Бүгүнкү күндө университеттердин басымдуу бөлүгү мантия кийишпейт. Бирок бул – кийимдер унутулуп калды дегенди билдирбейт. Студент “студент” болуп көрүнгүсү келген учурлар болот. Ал диплом алып, бакалавр, адис же магистр даражасын алган кези эмеспи. Бул албетте, бүтүрүү күнү майрамдалат.

Мындай өзгөчө учурга майрамдык мантия - бүтүрүүчүнүн мантиясы пайда болгон. Бул кыйын да, кызык да жолду басып өтүп, илимдин жолун акырына чейин жеткирген студенттин эмгегин баса белгилөө максатында бүтүрүү кечеси уюштурулуп, аларга диплом тапшырылат. Мына ушул күнү студент мантия кийип окууну аяктайт. Анын себеби албетте, алган билимин колдонуп, жашоодо мыкты кесиптин ээси болсун дегени болсо керек.

Мантиянын кийүү даражасына карап, бир канча түстөргө бөлүнөт: Мантиянын классикалык түсү кара болгон жана кала берет. Студенттер ар кандай илимий даражаларга ээ болгон жана билим берүүнүн кийинки баскычынан өткөндөр, деңгээли бир топ төмөн студенттер менен аралашып кетпөөнү каалашкан. Ошентип, ар кандай кесип жана түстөгү мантиялар пайда болгон.

Бакалавр даражасы:

Бакалавр үчүн көйнөктөр – узун, учтуу, жеңдүү жана жабык болушу керек. Мындай мантиянын узундугу астыңкы буттун ортосунан төмөн эмес. Бойдоктор үчүн көйнөктөр, эреже катары кара түстө тигилет. Адистер үчүн кийим кара же бир тон жарык болушу мүмкүн.

Магистр илимий даражасы:

Бул мантияга билектерин жаппаган узун жеңдер мүнөздүү. Узун кийимдин арткы жагы жана алды төрт бурчтуу болот. мында топчулары бар болуп, кийүү үчүн көбүрөөк ыңгайлуу болот. Бирок, эрежеге ылайык мантия жабык да, ачык да кийсе болот.

Доктордук даража:

Доктордук мантиянын жеңинде үч баркыт тилкеси жана моюндун эки тарабында бирден тик жамаачы бар. Көбүнчө кара түстө жасалат, бирок кээде алар академиялык даражаны билдирген түс болушу мүмкүн. Көйнөктүн жеңдери коңгуроо түрүндө болот.

Халаттардын башка түрлөрү

Көптөгөн колледждер жана университеттер университеттин өзгөчөлүгүн эске алуу менен мантиялардын салттуу дизайнына өзгөртүүлөрдү киргизишти.

Мантиялар кара гана эмес, ошондой эле баркыт айланасындагы түстүү жээктер, атайын кесүүлөр жана даражаны билдирген түстөгү саймалуу элементтер менен толукталышы мүмкүн. Маселен, Бостон университетинин бүтүрүүчүлөрү кызыл түстөгү, кара түстөгү жиптер сай맗анган кара мантия кийишет, Гарвард университетиндегилер көкүрөгүнө түрдүү түстөгү жиптер сайылган кара мантия кийишет.

Мантиянын өзүнөн тышкары, академиялык кийим формасы, баш кийимди - төрт бурчтуу академиялык калпак же карапайым элде "конфедерацияны" камтыйт. Майрамдык студенттик кийимдин бул кичинекей элементи бүтүрүү кийиминин калган бөлүгүнө караганда көбүрөөк символизмге бай. Калпак жумшак тулиядан жана үстүндө катуу төрт бурчтуу платформадан турат. Калпактын төрт тарабы бирдей. Чёткандын чыныгы аты “лирип” жана ал студент болсоңуз оң жагына, ал эми диплом алган болсоңуз сол жагына тагылат.

Кантип конфедерацияны жана мантияны кийүү керек?

Бүтүрүү салтанаты расмий иш-чара болуп эсептелет, андыктан сиз көйнөктүн астына кечки көйнөк кийишиңиз керек. Сиз кийинүү алдында бул кийимдер чындап эле бүтүрүү кечеге ылайыктуубу, ойлонуп көрүңүз. Эркектер үчүн костюм шым же жакасы жана галстугу бар көйнөк ылайыктуу. Аялдар үчүн кечки көйнөк жана бийик такалуу бут кийим же шым, блузка жана балетка ылайыктуу.

**Айзирек Гадаева**

# КЫСКА ЖАНА КЫЗЫКТУУ


Биз күн сайын жаңы маалыматтарга ээ болуп турабыз. Айталы, сабак учурунда изденип жатып, атайын билимге ээ болсок, өзүбүздүн интеллектуалыбызды жогорулатуу үчүн дүйнөлүк маалыматтарды өз алдыбызча окуп үйрөнөбүз. Ал эми күнүнө канча жаңы маалыматка ээ болобуз, аларды иргеп кабыл кылабызбы, туура эмес маалыматтар менен башыбызды толтуруп албайбызбы деген суроолорду ар бир изденген адам өзүнө берип турууcу керек.

Сиз ошол маалыматтардын канчалык кызыктуу болоорун каалайт элеңиз?


Анда эмесе, сиздер үчүн даярдалган кыска жана кызыктуу маалыматтарыбызга көңүлүңүздөрдү бурабыз.



Литромантик – бул бир адамды жакшы көрүп, бирок ошол кишиси сезимин билдирсе кайра жактырбай калган адам.



Дүйнө жүзүндөгү бардык жаш балдарды окутууга 22 миллиард доллар жетиштүү. Ал эми дүйнөлүк курал жарак үчүн бул акча 4 күндө иштетилип кетет.



Бул адам 6 жыл тамеки алууга коротулчу акчасын чогултуп, машина сатып алган. Тилекке каршы бир канча күндөн кийин дал ошол унаасы менен жол кырсыгына учурап, каза болгон.



1. Техас штатындагы мектептердин биринде, дене тарбия сабагынан берген Дейл Ирби 1974-жылдан тартып мектеп виньеткасына сүрөткө түшкөн. Кызыгы, ал 40 жыл аралыгында бардык сүрөттөрдө окшош кийимде болгон. 1974-2013- жылга чейин биз агайдын кандай өзгөргөнүн көргөнүбүз менен, анын стили ошол бойдон экенин байкасак болот. Дейл Ирбинин айтымында, ал 2-3- сүрөткө түшүү учурунда бул кийимди өзү билбеген абалда кийип алганын, кийинки фотосессияларда гана салтты бузбай кийип түшкөнүн айткан.

Бул кызыктуу маалыматты америкалык Dallas morning news гезити жазып чыккандан соң, интернет желесине өтө тездик менен тараган. 1,3 миллион көрүүчү топтоп, Дейл Ирбини атактуулукка жеткирген.





Дүйнөдөгү бою орто эсеп менен алганда эң кичине эркектер Индонезияда жашашат. Алардын орточо узундугу 1,58 см ди түзөт.




Жаратылыш ресурстары качан түгөнөт?




Дүйнө өлкөлөрүндө биринчи жумуш күнү кайсы күндөн башталат?




2050-жылга келип, кайсы өлкөлөрдө калктын саны көбөйөт жана кайсы өлкөлөрдө кыскарат.
Көк – көбөйөт
Сары – азаят

**(Маалыматтар телеграмдан алынды)**

**Айзирек Гадаева**

# СЫР-СЫЯ

***Сыр – бул адамдын эч кимге айта албаган сөздөрү, сезимдери. Сиздин да эч кимге айтпаган сырларыңыз бар экени анык. Бирок ошол сыр сиздики экенин эч кимге билгизбестен элге жарыя кылууга эркиңиз жетет беле? Сыр башка бирөөгө айтылса, сыр болуудан калат да дейт чыгарсыз. Бирок жан дүйнөңүздү уйгу-туйгу кылып жаткан маселени сыртка чыгарсаңыз, башка бирөө окуп алып таасирленсе жакшы нерсе го э? Дал ушул маселени чечүү үчүн бизде СЫР-СЫЯ аттуу рубрика ачылды. Мында сиз, кимдир бирөөгө айткыңыз келген сөздөрдү, билдире албаган сезимдериңизди жазсаңыз болот. Сиздин ким экендигиңиз анонимдүү түрдө сакталышына кепилдик беребиз.***

***Анда эмесе сиздер үчүн алгачкы сыр катты тартуулайбыз.***

## *Кимден кимге экени сыр бойдон калсын...*

***Ушул катта сенин атыңды да, менин атымды да сыр катып коёюн. Балким көпчүлүк менен окусаң сен үчүн ыңгайсыздык жаралбасын дедим. Дарегиңе аталып жазылбаса да бир күн ушул кат сенин колуңа тийип калар деген ойдомун. Анан бул колуңдагы гезитти да бийиктей көрүп сактасаң керек. Менде болсо сенин жүз аарчың ошол бойдон сакталуу... Бирок бул катты ар ким ар кандай үн менен окуйт, бир гана сен менин үнүм менен окуйсуң. Жүрөгүңдө менин үнүм жаңырат. Мен гана билбейм аны, сен бул катты окуганыңды, же окубаганыңды.***

***Мен дайым ХБК кичи районундагы кичинекей аллеядагы биздин скамейканы көп эстейм. Жада калса, биринчи жолуккан жерди, андагы окуяны, Манастын айкелинен аэропорт жакка бурулган асфальттын күндүзү күн нуруна жылып, кечиндеси ошол асфальттын ысып калган бетине бут кийимдерди чечип алып баскан күндөрдү, Новои мектебинин алдындагы өсүп турган гүлдөн уурдап, үзүп алып барып берген гүлдөрдү, ж.б.у.с., баарын эстеп, аябай сүйүнүп, сени да эстээр бекен деген ой келе берет.***

***Жакында эле биздин скамейкада башка жаштардын отурганын көрдүм. Анан эле секунд ичинде баары эске келип өттү. Ал жерде онго жакын скамейка бар. Бирок биздин скамейкада олтурушуптур....***


***Кээ бир күндөрү сен жөнүндө кимдир бирөөлөргө айтып бергим келет. Бирок кайра оюмдан кайтам. Ар бирөөнүн башынан өткөргөн бактылуу мүнөттөрү, кызыктуу окуялары жана эстен кеткис көз ирмемдери өздөрү үчүн гана баалуу болуп, бийик бойдон калат эмеспи? Сен жөнүндөгү кымбат сөзүм башкалар үчүн бийиктей көрүлбөй, оздон-оозго өтүп, ортосунда кошумчаланып, өзгөрүп кетишин каалабадым. Ушул сыяланып, катары менен жазылган тамгалардын параду көз алдыңда өтө турган болсо, сен мени кайдан табарыңды билесиң деп ойлойм. Жоопту күтөм дагы, күтпөйм. Болгону азыр сени сагынып, сен экөөбүздүн ысык көз ирмемдерди эстеп ушуларды кагазга сала калдым. Баарын айтпайын, балким сен да эстеп ошол скамейкага келерсиң. А мен ага күн аралап барып турам...***

**Майрам Шарип кызы**

# КРОССВОРД

**Жоопторун: 0703-75-73-71 номерине жөнөтсөңүз болот жана башкы корпустун 001-кабинетине толтуруп алып келсеңиз болот.**

1. Заттардын сандык составын, сандык катыштарын окутуучу химиянын бөлүгү...?
2. Бул нерсени базарда көрбөйбүз, көрсөк да албайбыз, алсак да колдонбойбуз, бул эмне?
3. Кыргыздарда меймандарды кабыл ала турган бөлмө?
4. Дүйнөдөгү 70% эркектер ушул нерседен улам жүрөк оорусуна чалдыгат. Бирок бул предмет инсанга күч багыштайт. Предметтин аты?
5. Пикир алмашуудагы тилдик эмес каражаттарды (жаңсоо) изилдөөчү тил илиминин тармагы?
6. Соньда,каратэ,кэндо,сумо. Булардын кайсынысы Японияда пайда болгон?
7. Бир куш жерге уя салып бир нече жумуртка койду. Суроо: Сырдуу сандыкчанын ичинде эмне бар?
8. Бул химиялык элементтин 8 протону,8 электрону, 2 аллотроптук модификациясы бар.Ал кайсы элемент?
9. Оздуксуз,тизгинсиз,чалбыр тагынган жүгөнгө окшогон малдын башына катылуучу шайман?
10. Тоголонун синоними?
11. Жалбырактары ичке кабырчактуу келген жоон жана агыш, жаш сабактуу жашылча өсүмдүгү?
12. Байыркы Египетте бай үй-бүлөлөр да көп учурларда бир предметтин ордуна каткан нандарды пайдаланышкан.Ал предметтин аты?
13. Алардын барбы төмөн, оозу тар, качкын болсо да байлануу, согушта болбосо да найза урулган, жаракат алган. Суроо: Ал эмне?
14. Учат, үнү жок, конот, качан гана өлгөндөн кийин ыйлайт.Табышмак эмне жөнүндө?




Жоопту жөнөтүп жатканда төмөнкүлөрдү толтуруңуз:

Аткарган________________________________;

Факультети________________________________;

Тайпасы________________________________;

Байланыш номери:__________________________.

**Эртабылды кызы Даткайым (+996 703 757 371)**

# Сизге ийгилик!

"Нур" ОшМУнун студенттеринин коомдук-маданий гезитинин журналдык тиркемеси

**Башкы редактору:** САМАТУЛЛА МАМАТКАРЫ УУЛУ

**Редактордун орун басары:** Айзирек Гадаева

**Редакциялык кеңеш:**
А. Айтманбетов
Т. Алдакулов
М. Ниязалиев
З. Нуралиева
М. Маматжанов
Д. Бектемир уулу

**Редакциялык топ:**
Канайым Акназарова
Даткайым Эртабылды кызы
Бийгелди Апжапаров
Элена Аданова
Майрам Шарип кызы
Айжаңыл Нурмамат кызы

**Фото кабарчы:**
Р. Максутов

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютер борборунда терилип, даярдалды. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн №106

**Банктагы реквизиттер:**
ИНН 00207199610017
р-с. 703802401
«РСК-Банк» Ош филиалы
Ош шаары БИК 129039
**Редакциянын дареги:**
Ош шаары, В.Ленин көчөсү 331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Тел.: +996 707 647 902